КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИК

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

_________________________№______

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 токтомун ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 токтомунун 4-пунктун ишке ашыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Улуттук аккредитациялык кеңештин 2024-жылдын 28-майындагы № 20-4 чечимин аткаруу максатында ***буйрук кылам*:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 токтому расмий күчүнө кирген күндөн тартып Улуттук аккредитациялык кеңештин учурдагы курамы таратылды деп эсептелсин;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Улуттук аккредитациялык кеңеш жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 токтому менен бекитилген жобонун негизинде кеңештин жаңы курамын түзүү боюнча иш жүргүзүлсүн;
- билим берүү уюмдарынын жана аккредитациялык агенттиктердин жетекчилеринин арасында аккредитациялоо маселелери боюнча түшүндүрүү иш-чаралары жүргүзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын аймагында таанылган аккредитациялык агенттиктер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтомунун талаптарына ылайык 2024-жылдын 1-августуна чейин төмөнкү документтерди иштеп чыксын жана бекитсин:

- аккредитацияланууучу билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоо жүргүзүүсү жөнүндө;
- агенттик тарабынан тышкы баалоо жүргүзүү жөнүндө;
- агенттиктин аккредитациялык кеңеши жана аккредитациялоо боюнча чечим кабыл алуу тартиби жөнүндө;
- агенттик тарабынан кабыл алынган чечимдерге даттанууну кароо тартибин;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- агенттиктин ишине ички мониторинг жүргүзүүнүн тартибин;

- билим берүү деңгээлдерине жараша аккредитациялоо стандарттарын, жол-жоболорун жана эрежелерин;

- аккредитациялоо жөнүндө сертификаттардын бланктарынын формаларын, аларды даярдоо жана дубликатын берүү тартибин.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында таанылган аккредитациялык агенттиктер ушул буйруктун 2-пунктунда көрсөтүлгөн документтерин агенттиктин веб-сайтына жайгаштырсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Аккредитациялоо жана сапатты баалоо бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН